**«2022-2026-жылдар аралыгында Кыргыз Республикасынын расмий статистикасын өнүктүрүүнүн орто мөөнөттүү программасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин токтомунун долбооруна**

# НЕГИЗДЕМЕ-МААЛЫМКАТ

## 1. Максат жана милдет

Ушул токтомдун долбоорунун максаты жана милдети 2022-2026-жылдар аралыгында Кыргыз Республикасынын расмий статистикасын өнүктүрүүнүн орто мөөнөттүү программасын (мындан ары - Программа) бекитүү болуп саналат.

Программа «Расмий статистика жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык иштелип чыккан жана келерки беш жылдык мөөнөткө Кыргыз Республикасында статистикалык практиканы жана методологияны өнүктүрүүнүн негизги стратегиялык багыттарын аныктаган негизги программалык документ болуп саналат.

Программанын максаты реформаларды жүргүзүү, анын чаралары жана аракеттери төмөнкүлөргө багытталышы керек:

- статистикалык органдардын жана бүтүндөй республиканын улуттук статистикалык тутумунун ишинин сапаттык өркүндөтүлүшүн жана натыйжалуулугун аныктаган «Расмий статистика жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамын аткаруу;

- респонденттердин жүгүн жана аны өндүрүүгө кеткен чыгымдарды азайтуу менен мамлекеттин жана коомдун жогорку сапаттагы расмий статистикага өсүп жаткан керектөөлөрүн эффективдүү жана натыйжалуу канааттандыруу үчүн жалпы эл аралык стандарттардын негизинде статистикалык өндүрүштү модернизациялоо.

## 2. Баяндоочу бөлүк

Программа 2030-жылга карата Туруктуу өнүктүрүү максаттарына натыйжалуу жана сапаттуу мониторинг жүргүзүү үчүн ишенимдүү жана жогорку сапаттуу маалыматтарды берүү максатында иштелип чыккан, 2018-жылдын 31-октябрындагы Кыргыз Республикасынын Президентинин №221 Жарлыгы менен бекитилген 2018-2040-жылдар мезгилине Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясы, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 12-октябрындагы №435 Жарлыгы менен бекитилген Кыргыз Республикасын 2026-жылга чейин өнүктүрүүнүн Улуттук программасы, өлкөнү экономикалык жана социалдык өнүктүрүүнүн башка улуттук жана мамлекеттик программалары.

Программанын негизине БУУнун Статистикалык комиссиясынын статистикалык ишмердикти өнүктүрүү, статистикалык стандарттарды колдонуу, концепцияларды, методдорду иштеп чыгуу жана аларды улуттук деңгээлде колдонуу маселелери боюнча сунуштары, ошондой эле 2020-2021-жылдары БУУнун Европа экономикалык комиссиясынын,

Европа эркин соода ассоциациясынын жана Европа Бирлигинин статистикалык кызматынын эл аралык эксперттери тарабынан өткөрүлгөн өлкөнүн Улуттук статистикалык тутумуна Глобалдык баа берүүнүн сунуштамалары коюлган.

Программа төмөнкү артыкчылыктарга басым жасайт:

- Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин (мындан ары - Улутстатком) тутумунун жашоо жөндөмдүүлүгүн жана ыңгайлашуусун кепилдеген заманбап институционалдык жана уюштуруу механизмдерин түзүү;
- расмий статистиканы даярдоонун комплекстүү тутумдарына арналган стандартташтырылган өндүрүш процесстерин куруу;
- статистикалык методологияларды, классификацияларды жана өлчөөлөрдү эл аралык стандарттар жана сунуштар менен өркүндөтүү жана шайкеш келтирүү;
- отчеттук жүктү жана бюджеттик чыгашаларды кыскартуу үчүн статистикалык максаттарда административдик маалыматтарды колдонууну кеңейтүү;
- мамлекеттик органдарга мамлекеттик маалыматтарды натыйжалуу жана ишенимдүү башкаруу үчүн бирдиктүү концепцияларды, классификацияларды жана стандарттарды колдонууга көмөк көрсөтүү үчүн маалыматтык ведомстволор аралык өз ара аракеттенүү системасына Улутстаткомдун активдүү катышуусу;
- расмий статистиканын сапатын башкаруу;
- расмий статистиканы өндүрүү үчүн маалыматтык технологиялар инфраструктурасын модернизациялоо;
- расмий статистиканын кызыкчылыгы үчүн көптөгөн кызыкдар тараптар менен өнөктөштүк мамилелерди түзүү;
- расмий статистика жаатында потенциалды арттыруу, персоналды даярдоо жана ресурстарды мобилизациялоо.

**3. Мүмкүн болгон социалдык, экономикалык, укуктук, укук коргоо, гендердик, экологиялык, коррупциялык натыйжалардын божомолдору**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин токтомунун ушул долбоорун кабыл алуу социалдык, экономикалык, укуктук, укук коргоочулук, гендердик, экологиялык, коррупциялык жана башка кесепеттерди алып келбейт.

**4. Коомдук талкуулоонун жыйынтыктары тууралуу маалымат**

«Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актылары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 22-беренесине ылайык ушул токтомдун долбоору Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин сайтына жана коомдук талкуулоонун бирдиктүү порталына жайгаштырылды.

**5. Долбоордун мыйзамдарга шайкештигин талдоо**

Сунушталган долбоор колдонуудагы мыйзамдардын ченемдерине, ошондой эле Кыргыз Республикасы катышуучу болуп саналган, белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдерге каршы келбейт.

**6. Каржылоо зарылдыгы жөнүндө маалымат**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин токтомунун бул долбоорун кабыл алуу республикалык бюджеттен кошумча чыгымдарды талап кылбайт.

Бул Программанын айрым иш-чараларын иштеп чыгуу жана жүзөгө ашыруу Дүйнөлүк банктын «Салыктык башкарууну жана статистикалык тутумду модернизациялоо» долбоорунун алкагында, өнүктүрүү боюнча башка өнөктөш уюмдар, ошондой эле статистикалык органдарды камсыздоого Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бюджетинен жыл сайын бөлүнүүчү каражаттардын чегинде ишке ашырылат.

**7. Жөнгө салуучулук таасирин талдоо тууралуу маалымат**

Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгынын берилген долбоору ишкердик ишти жөнгө салууга багытталбагандыктан, жөнгө салуучу таасирин талдоону талап кылбайт.

**8. Пайда болгон көйгөйдү баяндоо**

Улуттук статистика тутумун стратегиялык жактан өнүктүрүү ишмердигин пландаштыруунун зарылчылыгы, расмий статистиканы жүргүзүүчүлөр менен мамлекеттик органдардын ортосундагы иштерди натыйжалуу координациялоо, ошондой эле алдыңкы беш жылга карата расмий статистиканы өнүктүрүүнүн артыкчылыктары.

**9. Кызыкчылык топторун баяндоо**

Ушул токтомдун долбоорун Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети менен өз ара аракеттенүүдө кызматташкан мамлекеттик органдар менен макулдашуу пландалууда.

**10. Көйгөйдү чечүүнүн үч вариантын кароо жана баяндоо**

Программанын жана Иш-чаралар планынын сунушталган долбоорлорунун алкагында көйгөйдү чечүүнүн бир варианты сунушталат.

**11. Көйгөйдү чечүүнүн альтернативдүү варианттарынын салыштырма талдоосу**

Талап кылынбайт.

**Кыргыз Республикасынын**
**Улуттук статистика**
**комитетинин**
**төрагасы** **Б.Ж. Кудайбергенов**